**Кыргыз Республикасынын жарандыгына кабыл алуу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 64-беренесинин 7-бөлүгүнө, “Кыргыз Республикасынын жарандыгы жөнүндө” жана “2003-жылдын 28-январында Бишкек шаарында кол коюлган Украинада туруктуу жашаган Кыргыз Республикасынын жарандарынын жана Кыргыз Республикасында туруктуу жашаган Украинанын жарандарынын жарандыкты өзгөртүшүнүн жөнөкөйлөштүрүлгөн тартиби жана жарансыздык жана кош жарандуулук учурларын болтурбоо жөнүндөгү Кыргыз Республикасы менен Украинанын ортосундагы макулдашууну ратификациялоо тууралу” Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Жарандык маселелери боюнча комиссиянын сунушун эске алып, **токтом кылам**:

1. Кыргыз Республикасынын жарандыгына кабыл алуу жөнүндө төмөнкү адамдардын өтүнүчтөрү канааттандырылсын:

1) **ГОРЯНСКИЙ Василь Васильевич,** украин, 1973-жылы Украин ССРинин Черновицк облусунун Сокирян районундагы Молодово айылында туулган; Кыргыз Республикасынын Чүй облусунун Сокулук районундагы Жал айылында жашап жатат;

2) **МАКАРЕВИЧ Юрий Васильевич,** украин, 1965-жылы Кыргыз ССРинин Ош облусунун Жалал-Абад шаарында туулган; Кыргыз Республикасынын Чүй облусунун Сокулук районундагы Сокулук айылында жашап жатат;

3) **МАТНЕНКО Алексей Геннадьевич,** украин, 1987-жылы Украин ССРинин Донецк облусунун Ясиноват районундагы Красный Партизан поселкасында туулган; Кыргыз Республикасынын Чүй облусунун Ысык-Ата районундагы Кант шаарында жашап жатат;

4) **ТРУФАНОВ Михаил Сергеевич,** орус, 1985-жылы Кыргыз Республикасынын Фрунзе шаарында туулган; Кыргыз Республикасынын Бишкек шаарында жашап жатат;

5) **ХАЛИЛОВ Сальвар Акрамжанович,** өзбек, 1987-жылы Кыргыз ССРинин Фрунзе шаарында туулган; Кыргыз Республикасынын Бишкек шаарында жашап жатат;

6) **ЧАЙКА (Букур) Лидия Николаевна,** гагауз, 1966-жылы Молдова ССРинин Чадыр-Лунг шаарында туулган; Кыргыз Республикасынын Бишкек шаарында жашап жатат.

2. Бул Жарлык кол коюлган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Президенти** **А.Ш. Атамбаев**